# АКТ

## Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби

**"20" июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз төмөндө кол коюлуп акт жазуучулар:**

Boобек уулу Б.- *Предметтин комиссиясынын төрагасы*
Оторова К. *Сынак алуучу*
Джумабекова З. *Ассистенти*
Турганбаев М.. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Турганбаева Н..
Момуналиева К.
Жунушова А.
Токтоматова З.
Молдогазиева М.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 11-б классынын орус тили предмети боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата келген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын тапшырмаларын ачканда К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 982022 коду боюнча А жана В варианттарынан турган тапшырмалар келди.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тапшырмаларын $6^{00}$дө сайттан жүктөлдү бир экземпляр чыгарылып сейфке салынды.

Тапшырмалар А жана В варианттары боюнча көбөйтүлдү, комиссияда ар кандай пикир жаралган жок. Бул тапшырмалар боюнча 11 окуучуга А варианты, 10 окуучуга В варианты таратылып берилди.

Экзамен $9^{00}$ дө башталды.

**Актда көрсөтүлгөндөр туура деп кол коюучулар:**

Boобек уулу Б.- *Предметтин комиссиясынын төрагасы*
Оторова К. *Сынак алуучу*
Джумабекова З. *Ассистенти*
Турганбаев М.. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Турганбаева Н..
Момуналиева К.
Жунушова А.
Токтоматова З.
Молодгазиева М.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

Сканировано с CamScanner

**АКТ**

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби**

**"17" июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз төмөндө кол коюлуп акт жазуучулар:**

Акималиева А:- *Предметтин комиссиясынын төрайымы*
Джумабекова З *Сынак алуучу*
Оторова К. *Ассистенти*
Асанова А. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Түлекеева Э.
Кожокматов А.
Баякунова А.
Турсунеова Д.
Чортоев У.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 9-б классынын орус тили предмети боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата келген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын тапшырмаларын ачканда К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 931722 коду боюнча А жана В варианттарынан турган тапшырмалар келди.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тапшырмаларын 6 $^{00}$дө сайттан жүктөлдү бир экземпляр чыгарылып сейфке салынды.

Тапшырмалар А жана В варианттары боюнча көбөйтүлдү, комиссияда ар кандай пикир жаралган жок. Бул тапшырмалар боюнча 11 окуучуга А варианты, 12 окуучуга В варианты таратылып берилди.

Экзамен 9$^{00}$ дө башталды.

**Актда көрсөтүлгөндөр туура деп кол коюучулар:**

Акималиева А:- *Предметтин комиссиясынын төрайымы*
Джумабекова З *Сынак алуучу*
Оторова К. *Ассистенти*
Асанова А. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Түлекеева Э.
Кожокматов А.
Баякунова А.
Турсунеова Д.
Чортоев У.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

Сканировано с CamScanner

**АКТ**

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби**

**"11" июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз төмөндө кол коюлуп акт жазуучулар:**

Бообек уулу Б. *Предметтин комиссиясынын төрагасы:*
Баякунова А. *Сынак алуучулар:*
Жунушова А.
Өзүбекова М. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү:*
Оторова К.
Турганбаева Н.
Момуналиева К.
Молдогазиева М.
Кожокматов Б.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 11-классынын кыргыз тили жана адабияты боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 11062022 коду боюнча келген тапшырмаларды ачканда үч бөлүмдөн турган төмөнкү тапшырмалар келди :

1. Көркөм текст "Мүрөк булак" К. Иманалиевдин аңгемесинен (663сөз)
2. Лирика "Кыргыз деген элим бар" Г. Шакирова (271сөз)
3. Публицистика "Залкарлардын залкары, Эс-тутум" А. Өмүрканов (694 сөз)

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация үчүн тапшырмалар 6 $^{00}$дө сайттан жүктөлдү жана ар биринен бир экземпляр чыгарылып сейфке салынды.

Актда көрсөтүлгөндөр туура деп кол коюучулар:

Бообек уулу Б. *Предметтин комиссиясынын төрагасы:*
Баякунова А. *Сынак алуучулар:*
Жунушова А.
Өзүбекова М. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү:*
Оторова К.
Турганбаева Н.
Момуналиева К.
Молдогазиева М.
Кожокматов Б.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

Сканировано с CamScanner

**АКТ**

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби**

**“11” июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз төмөндө кол коюлуп акт жазуучулар:**

*Предметтин комиссиясынын торагасы:*
Бообек уулу Б.

*Сынак алуучулар:*
Баякунова А.
Жунушова А.

*Предметтик комиссиянын мүчөлөрү:*
Өзүбекова М.
Оторова К.
Турганбаева Н.
Момуналиева К.
Молдогазиева М.
Кожокматов Б.

*Коомдук байкоочулар*
Сагынбаева Г.
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 11-классынын кыргыз тили жана адабияты боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 11062022 коду боюнча келген тапшырмаларды ачканда үч бөлүмдөн турган төмөнкү тапшырмалар келди :

1. Көркөм текст “Мүрөк булак” К. Иманалиевдин аңгемесинен (663сөз)
2. Лирика “Кыргыз деген элим бар” Г. Шакирова (271сөз)
3. Публицистика “Залкарлардын залкары, Эс-тутум” А. Өмүрканов (694 сөз)

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация үчүн тапшырмалар $9^{00}$ дө ачылды.
Бул тапшырмалар боюнча 10 окуучу проза, 25 окуучу лирика, 3 окуучу публицистика бөлүмдөрүн тандашты.
Тапшырмалар тандоолор боюнча көбөйтүлдү. Комиссияда ар кандай пикир жаралган жок.
Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация $9^{00}$ дө башталды.

Актда көрсөтүлгөндөр туура деп кол коюучулар:

*Предметтин комиссиясынын торагасы:*
Бообек уулу Б.

*Сынак алуучулар:*
Баякунова А.
Жунушова А.

*Предметтик комиссиянын мүчөлөрү:*
Өзүбекова М.
Оторова К.
Турганбаева Н.
Момуналиева К.
Молдогазиева М.
Кожокматов Б.

*Коомдук байкоочулар*
Сагынбаева Г.
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

Сканировано с CamScanner

## КӨРКӨМ ТЕКСТ

**1. Текстти окуңуз.**

### "Мүрөк булак"

Нурак чал айылда эч ким менен ачылып сүйлөшө бербейт. Эч кимге деле зыяны жок. Өзү менен өзү. Мүнөзү түнт көрүнгөнү менен ар дайым бирдеме кылып кыбырап иш үстүндө. Жайдыр-кыштыр канаттуунун түрүн атып жейт. Тээ илгери куштун эти, айрыкча, боору өмүрдү узартат деп уккан экен. Анан таранчы, жылкычы чымчык, кара чыйырчык, чабалекей, бактек, сагызган, карга, кыргоол, жору, чил, бөдөнө, кекилик, когучкөн, жарганат, айтор, бирин койбой баарынын этинин даамын татып көрдү. Анын айтымында, кузгундун эти гана күн кечке кайнатса да кызарып эле такыр бышпай коюптур. Чын эле ушул куштардын этин байма-бай жегени кубат бердиби, айтор, жетимиш жашка демдүү келди. Оорудум-сыркадым дебейт. Жыйырма жылдан бери кыркын маалында денедеги жара-параны, котур-потурду дарылайт деп үйүнө бир бөтөлкө кралин алып келип, чылапчынга суу куюп, бир сыйра киринип алат. Мунусун эл угуп, "Апенди Нурак" деп ат койгон. Кээ бир тамашакөй айылдыктар эми жамбашына койдукуна окшотуп "Н" деп эн тамга басыш керек деп калышат. Ал ага арданбайт деле. Устара менен тасырайтып алган мээге зыян деп, чачын кой кыркkансып кайчы менен таргыл ала кылып алдырар эле жарыктык киши.

Улуу согуш учурунда эркектер майданга жөнөп баштап, бир күнү ага да кезек келет. Жөн туруп эле кокустан эки кулагы укпай, тили сүйлөбөй дудук болуп калат. Анан оорукчан болуп калыптыр деген шылтоо менен аскерден калып, Көк-Ойрок жайлоосунда карагайчы болуп иштейт. Согуш бүтөрү менен кулагы деле угуп, тили да сүйлөп кетет.

Жетимишке келсе да өмүрдүн кызыгына тойбоду. Ким эле өмүргө тойдум десин. Нурак чал эми дагы небере-чөбөрөнүн сый-урматын көрүп, узак жашагысы келет. Өз жанын өтө этият багат. Катуу суукта жылуудан чыкпайт. Өтө ысыкта көлөкөдө эс алат. Тамакты тандап ичет. Итине тамак берет, эртеден кечке кер эшеги менен алек болот, айтор, жаны тынбайт.

Уулу Күзеке кызыл кирпичтен маңдайга үй салганына он жылча болду. Алардын биз менен чогуу жаша дегенине да көнгөн жок. Кемпири өлгөндөн кийин байбичеси менен чогуу жашаган үйдү ээнсиретип таштап кеткиси келбеди. Өзүнүн үч бөлмө жер тамы көзүнө жылуу көрүнүп туруп алды. Кышкысын меши жакшы жылыйт. Ичинде анчейин деле буюму жок. Төрдө эскилиги жеткен , кемпиринен калган туш кийиз. Эски сандык. Кире беришинде идиш коюлган текчелер. Жүк жыйылган тактай. Жерге салынган эски ала кийиз. Ит-кушка салган капкандарын да бирөө көтөрүп кетпесин деп үй ичине сактайт. Байбичеси өлгөндөн бери ушул үйүндө жалгыз кирип-чыгып күн көрүп келет. Өтө камбыл кишиге айла жок. Эшегинин жамбашына "Н" деп эн белги салып алган. Көпчүлүктө жоголуп кетпесин деп, эки колочунун таманына да "Н" деп жип менен белги салдырып алган.

Бу чал кемпири тирүү кезинде мүрөк булак издеп эки жума жок болгондугу тууралуу айлыбызда алигиче айтылып жүрөт. Муну өзү деле эч кимге айтпаптыр. Болгону байбичесине четин чыгарса, ал кемпирлерге айтып, элге таркап кеткен имиш. Бир жагынан чын эле кер эшегине бөтөлкө, челектерди байлапып алып, мүрөк булак издеп жүргөнүн көргөндөр болгон.

Адегенде мүрзөлөргө барып куран окуп, үйүнө келип жолго күл азыгын даярдатып, мүрөктүн суусун издөөнү айылыбыздын четиндеги эле Ийри-Суунун булагынан баштайт.

Сканировано с CamScanner

Төмөн жагынан ичип көрсө, кадимки эле суу. Булак чыккан жерине барып ичсе, даамы саз даамданат. Эртеси айылдын өйдө жагындагы Май-Чуңкурдун булагына барат. Даамы кадимки эле трактирдин майына окшош. Булактын суусу чогулган жер колчүк саз болуп калыптыр. Кер эшеги кежирленип такыр аттабай коёт. Түшө калып камчысы менен сабайт. Андан да майнап чыкпайт. Анан бала кезинде "эшек кежирленгенде кулагына шыбырап койсо угат" деп уккан. Айткандай эле, кер эшегинин кулагына шыбырап койсо, колчүк саздан өзү эле өтүп кетет.

Андан ары жол улап Бажеке-Булак менен Кожеке-Булактан даам сызса, чоп даамданат. Ал жерден суусуну канганча ичип, мүрөк суусу чындап болсо алыста болуш керек деп, кер эшеги менен суу бойлоп Көк-Ойрок жайлоосунун башына чейин бармак болот. Бала кезинде ал жакта, мөңгүнүн астында көл бар экенин, ошол көлгө мүрөк булак куярын уккан. Бул тууралуу кийин деле эки-үч ирет кулагы чалган.

...Күн бата араң дегенде Чоң-Кемин суусунун туу башына жетти. Бир өзөн бүтүндөй бир булак болуп тоонун түбүнөн атырылып агат экен. Көк мөлтүр суунун тунуктугун айт. Накта суунун тубаса даамы. Муздак экенине карабай улам-улам таңшанып ичти.

Ошол мүрөк булак кадимкидей кайрат күч бергендей болду. Анда-мында эле деми кыстыкканы болбосо, токсонго келгенче кер эшегин минип, дүкөнгө өзү келип кетет. Ал мүрөк табылгандан кийин туура дагы жыйырма эки жыл демдүү жашады.

Каныбек Иманалиевдин аңгемесинен (663 сөз)

1. Чыгарманын башкы каарманы коомдогу башка адамдардан эмнеси менен айырмаланган жана анын жашоо образына, тандоосуна кошуласызбы?
2. Чыгармадагы көтөрүлгөн көйгөйгө карата жеке оюңузду, көз карашыңызды эссенин талаптарына ылайык чагылдырып (аргументтештирип) жазыңыз.

***Аргумент үчүн сунушталган чыгармалар*[1]*:*** Ч.Айтматов "Ак кеме" повести, "Кылым карытар бир күн" романы, Т.Кожомбердиевдин "Апа" поэмасы, Т.Касымбеков "Адам болгум келет" повести.

---

1 .

Сканировано с CamScanner

## ЛИРИКА

**1. Текстти окуңуз.**

### Кыргыз деген элим бар

Эркелетип кыздарын Нур Кыз - деген,
Уулдарын көктөгү Жылдыз - деген.
Бар дүйнөсүн жайылтып мейманына,
Баспаганды бутуна тургуз! - деген,
Кыргыз деген элим бар, Кыргыз ! -деген.

Аркар, кулжа аскадан түгөлдөгөн,
Асман сырын четинен билем, - деген.
Ак боз үйүн жайлоого тигип алып,
Жер жайнаган малдары түмөндөгөн.
Эл жашаган байлыгын үнөмдөгөн.

Ошол элди Кыргыз-деп сүрөттөйбүз,
Тулпарларды өзгөгө сүрөтпөйбүз.
Каны бөлөк кайгырбайт өлсөң эгер,
Кыргыз гана кыргызга тирек! - дейбиз.
Кыргыз сырын кыргыздар билет, -дейбиз.

Билбегенди дээринде жоктор, -дейбиз,
Элден чыккан эсирген топтор, -дейбиз.
Жок кылууга кыргызды даяр турган,
Жоо катары атылган октор! -дейбиз.
Жан-дүйнөнү өрттөгөн оттор! -дейбиз.

Дээринде бар кыздарын улук кылган,
Жигиттери мейманга сылык турган.
Сыйкорлугу муш болуп баштарына,
Мейманынан көңүлү сынып турган.
Сынса дагы сыр бербей тунуп турган.

Кыргыз еген элим бар. Кыргыз деген!
Жан-жанынан душманы чыгып турган,
Жакасына көө болуп жугуп турган,
Кыргыз деген эл жашайт, Кыргыз! - деген,

Ишенчээктик шорунан куруп турган,
Куруса да душманга ап сунуп турган,
Түпкү теги жаралган Күндөн, Нурдан,
Кыргызым,-деп кыйналсам жаным курман!

Мен мурда эс кире элек бала кезде,
Бир жакшы адат бар эле, Намыс! -делчү
Дал ошондой тобунда ар бир иштин,
Аксакалы бар эле калыс-делчү...

Мен мурун эс кире элек бала кезде,
Улуусун кичүүлөрү сыйлап турчу...
Кокустан бирөө жарым кайтып болсо,
Бүгүлүп бүтүн өрөөн ыйлап турчу.

Аба да ошол кезде таза белем,
Чаңкайып асманыбыз ачык болчу,
Жазыксыз жалгыз үйдүн жалаң сүтү,
Чайына бир айылдын катык болчу.

Соода адамдын абийирин түтөтөт, -деп,
Көөдөндөгү марттыкты атышчу эмес!
Кийип ал,-деп, карматып тууганына,
Батпай калган кийимин сатышчу эмес.

Аксакалдар көп ишти чечер эле,
Болор ишти боолголоп сезер эле...
Бата берип өсүүчү жаштарына,
Баатыры бол, элиңдин!-дешер эле.

Элибиз канча кылым бийик туткан,
Айрылдык көп касиет, улуу куттан.
Майдалыкка жеңилип маңыз болдук,
Маңкурт болгон мындай дарт кайдан жуккан?!

**Гүлжамийла Шакирова (271 сөз)**

1. **Автор ырында кандай көйгөйлөрдү көтөрүп чыккан жана алардын азыркы учурдагы актуалдуулугун аныктаңыз.**
2. **Ырда көтөрүлгөн көйгөйлөргө карата эссенин талаптарына ылайык жеке көз карашыңызды жазып, далилдерди келтириңиз.**

*Аргумент үчүн сунушталган чыгармалар*[1]*:: Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда", "Кылым карытар бир күн" романдары, "Бугу Эне" легендасы, Э.Ибраев "Улут болсом – тилим менен улутмун!", Ш.Дүйшеев "Кайдыгерлик".*

[1] Аргумент үчүн сунушталган же башка чыгармаларды колдонсоңуз болот.

Сканировано с CamScanner

**Публицистика**

**1. Текстти окуңуз.**

**Анатай Өмүрканов. Залкарлардын залкары . Эс –тутум**

Сүйлөсө сөз, олтурса төр жарашкан, атпай журттун атасы болгон Түкөмдү биринчи жолу Дзержинский гүлбагынан көргөнүмдө салам айтканга дарманым келбей, эсим оош калган. Башына күн кондуруп алгандай, апаппак чачы чачыраган күн нуруна окшогон, бармактай кезден сүрөтү таанып бул карыя, мага куду Кыдыр сыяктанды. Пил ээрчиген күчүктөй артынан көпкө акмалай басып, үйүнө кирип кеткиче «аңдып» жүргөнүм эсимде. Жалаң китебинен билип, болгондо да жазуучунун алпын көргөндөгү күн бүгүнкүдөй мени эргитип келет.

80–жылдары Түкөмдүн «Кыргызстан маданияты» гезитине Алыкулга арналган ыр жыйнак жөнүндө макаласы жарыяланды. Анда мен жөнүндө бир топ жакшы сөздөрдү айтыптыр. Жерге батпай сүйүндүм, бала болуп мындай жылуу сөз укпасам керек. Кантсе да бир барып, а киши менен көзмө-көз көрүшүп, таанышып ыракмат айтууну эп көрдүм. Батынбай, кыйла убакыт өткөрүп, эки кабат үйдүн каалгасын шыңгыраттым. Эшик ачып өзү чыкса болобу, апкаарый түшкөнүмдү айтпа.

– Анатай деген сенсиңби? – Аксакалдын кыраакы көзү мени сынай тиктеди.

– Ооба.

– Анда алдагы чайдан ич…

Түкөмдүкүнө көп барчу болдум. Бул жазуучу кыргыз адабиятынын пайдубалын түптөшүп, кыргыз жазуучуларынын ичинен биринчи болуп бийликке, болгондо да социализм учурунда «орус тили – экинчи эне тил» болуп, орус тили оболоп, кыргыз тили корголоп, «эл достугу» демиш этип, «улуу» эл кичи элге зордук–зомбулугун көрсөтүп, сасык саясатка каршы чыккан чыныгы баатыр жазуучу эле.

Ушул гана адамда атпай журттун ар–намысы калгандай туюлчу. Ошол камчысынан каны тамып, каарынан жан чыккан тоталитардык деген заманда КПССке, анын кыргыздагы функционерлеринин көзүн чукуп: «Кыргыз тили өөрчүбөй өлүп баратат, улуттук ар-намысыңар барбы?» - деп, тарых менен далилдеген каттарды Москвага чейин жазган.

«Кыргыздар кызык эл, - деп күлүп калар эле,– 37 жашымда Сталиндик сыйлыкты алгандан кийин кол тамга сураган эл үйүмө чейин келип, кээ бирөөлөр «кой» десем болбой колдоруман өөп жиберер эле. Кийин Усубалиевдин далай бүйрөсүндө бүгүлбөй сүйлөп, дарманын кетирип жүргөнүмдө, бирөө келип, учурашчу эмес. Байкабай «азаматсың» десек, залакасы тийбесин дешип, телефон да чалышчу эмес. Андан көрө орустар азамат, ошо бүйрөсүндө мени менен кызыл чеке болуп кармашкандар эшикке чыкканда далайлары колумду кысып: «Все таки, Вы молодец» - деп кайрат айтып, менин оюмду колдошчу.

Эгерде Түкөмдө эл деп соккон жүрөк, журт деген улуттук ар–намыс болбосо , кыргыз тили деп кыйналбайт эле, наамдан наам, орденден соң орден алып, эл достугун даңктап, дардайып жашап жүрө бермек. Бирок бул адамда улут үчүн күйгөн улуу жүрөк бар эле, элдин элдигин, журттун биримдигин сакташ үчүн жаратылган сыяктуу сезилчү. Кыргыз тили, кыргыз тарыхы үчүн бир дагы жазуучу Түкөмдөй кыйын кезең күнгө калган эмес... «Кыргыз деген улуу журт, мамлекети, тили, тарыхы болгон. Көп эле ылдый баш боло бербегиле»,- деп ат көтөргүс иш бүтүрүп, айтылуу «Көк асаба» романын жараткан. Бирок китеп көпкө жарыкка чыкпады.

Түкөмдү айдактагандар ит таламай кылышты. Роман уламадан угуп, карылардан калган сөздөн тургандыгынан эмес, илимий, тарыхый китептерден алынган маалыматтардан тургандыгы бааланып, алгачкы кыргыз тарыхый романынын даражасы бийик экенин айкындады.

Сканировано с CamScanner

«Талкуу» деп коюп, жан эзген создор айтылбады бул романга. Бирок ак ийилип сынбады, отурган ордунан козголбоду, кайра даңкы артты. Роман коптогон нуска менен элге тарады.

Улуттун улуттук аң–сезимин ойготууда бул романдын салымы болончо. Ушундан тартып улуттун көзү ачылды. «Кыргыздын тарыхы жок, тили бүгүнкү техникасы өскөн мезгилге шайкеш келбеген келечеги жок тил» деген кем акыл саясатты колдоп, өздөрүн гений сезишкендер да болгон.

Бир күнү: «Неберелүү болдум. Түко, ат коюп бериңиз» - деп өтүндүм. «Барайын, - деди Түкөм, – чоң акын айтса, жаш акын кантип барбай койсун». Сүйүнчүлөп ... айтпа...

«Баланын ырайына карай ат кой деген, - деди, – апкелгиле баланы»... Апам он жетинчи уулу мени төрөгөндө атамдан сураныптыр: «Ушу баланын атын мен коёюн». Атам макул болот, ошол апам ат койгон бала мына мен, сексенди серпип олтурам. Балдарым аман, түгөл жүрсүн десе керек. Жаман болсо, неберең мендей болсун. Аял - үйдүн куту, мен Бурул келинимдин койгон атын колдойм» - деп, наристени балконго көтөрүп чыкты. толукшуган айды карап, баланын кулагынан чоюмуш этип: «Оо, Жаратkан, Апагайдын уулу Русландын баласынын атын «Айдар!» деп Сыдыкбек уулу Түгөлбай мен койдум!» - деп үч жолу кайталап,– сенин атың Айдар» –мурдунан өөп койду... Ошердегилер ата салтын эстерине салганы үчүн Түкөмө ыраазы болушкан.

Түкөмдүн көзү өткөндөн кийин Москвага СССР Жазуучулар союзунун съездине барып калдык. Кыргыз экенибизди билип, Түкөмдүн ден соолугун сурады. Өтүп кеткенин укканда аябай кейиди. Досум Кайсын Кулиев айткан: «Түгөлбай Сыдыкбеков чыныгы жазуучу, кыргыздын Ала–Тоосундай алыстан көрүнгөн патриархы» деп»... Жүйөлүү сөзгө баарыбыз уялдык.

Шаардын бир көчөсүнүн атын берсе болобу?.. Үй–музейи эмес, эстелигинин жоктугу. анын замандашы, үзөңгү жолдошу казактын жазуучусу М.Ауэзовдун эстелигин көргөндө намыстанам. Миң жылдап бир келе турган залкар таланттардын урматтабаса эч оңолбой турганын билгенге убакыт жетти деп ойлойм. (694 сөз)

**Тапшырмалар:**

1. **Автор тарабынан текстте көтөрүлгөн көйгөйдү жана анын актуалдуулугу эмнеде экендигин аныктаңыз.**
2. **Чыгармада козголгон көйгөйгө карата жеке көз карашыңызды эссенин талаптарына ылайык далилдеп (аргументтештирип) жазыңыз.**

***Аргумент үчүн сунушталган чыгармалар*[1]:** *А. Токомбаев "Мезгил учат", "Жетим менен сыйкырчы", Калык Акиев "Баскан жол", К. Иманалиев "Саякбай", Жусуп Баласагын "Кут алчу билим", «Өнөрлүү бала» жомок.*

[1] Аргумент үчүн сунушталган же башка чыгармаларды колдонсоңуз болот.

Сканировано с CamScanner

**1-тиркеме**

## Эссенин мазмунун баалоо критерийлери

| Критерийлер | Сүрөттөө | Балл |
|---|---|---|
| Эссенин түзүмү, логикалуулук, ойду баяндоо ырааттуулугу | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, иште маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталса; | 5 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат: маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталат, бирок бир логикалык ката, же текстти абзацка ажыратууда бир катага жол берилсе; | 4 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, коммуникациялык ой берилет, бирок үч-төрттөн кем эмес логикалык катага, же текстте 2 абзацтын бузулушуна жол берилсе; | 3 |
| | - жазуу ишинде абзацтын ажыратылышы сакталбай, түзүлүшүндө элементтер толук эмес берилип, 5 логикалык катага жол берилсе; | 0 |
| Тексттин түйүндүү көйгөйүн аныктоо | - бүтүрүүчү тексттеги көйгөйдү туура аныктай алса, жазуу ишинде көйгөйдү түзүүгө жана түшүнүүгө байланыштуу фактылык каталар жок болсо; | 5 |
| | - бүтүрүүчү тексттеги көйгөйдү туура аныктай албаса; | 0 |
| Тексттеги автордун көз карашын аргументтештирүү жана түшүндүрмө берүү | - бүтүрүүчү тарабынан текстке таянуу менен андагы көйгөйлөргө түшүндүрмө берилип, так аргументтер жана цитаталар келтирилсе; | 5 |
| | - түшүндүрмө үстүртөдөн берилсе; | 3 |
| | - түшүндүрмө жок, айтып берүү менен чектелсе; | 0 |
| Жеке пикиринин болушу | - автор тарабынан текстте коюлган көйгөйгө бүтүрүүчүнүн өз пикирин билдирүүсү (автордун көз карашы менен макул же макул эмес); | 5 |
| Биринчи аргумент (көркөм чыгармага таянуу менен) | - бүтүрүүчү окуган көркөм чыгармага таянуу менен аргумент келтирсе; *Эскертүү: ар бир кийинки аргумент үчүн (ар башка чыгармадан) кошумча 0,5 баллдан эсептелет.* | 5 |
| Экинчи аргумент (турмуштук тажрыйбага таянуу менен) | - бүтүрүүчү турмуштук тажрыйбага таянуу менен аргумент келтирсе; | 5 |
| | - бүтүрүүчү тексттин автору тарабынан коюлган көйгөйгө өз пикирин билдире алган жок (автордун көз карашы менен макул же макул эместигин), аргументтерди келтирген жок, же сынакка катышуучунун ою жөн гана формалдуу (мисалы: "Мен автор менен макулмун же макул эмесмин), же иште бүтүрүүчүнүн пикири таптакыр чагылдырылган жок. | 0 |
| Жыйынтык | - жыйынтык түзүлгөн тезистен, келтирилген аргументтерден жана мисалдардан келип чыгат; | 5 |
| | - жыйынтык тезис жана аргументтерге жарым-жартылай гана жооп берет; | 3 |
| | - жыйынтык жок, же тезис жана аргументтерге жооп бербейт; | 0 |
| Кептик жана стилдик ченемдердин сакталышы | -стилдик жана кептик каталар жок же 1гана катага жол берилсе; | 5 |
| | - 2-4 каталарга жол берилсе; | 3 |
| | - бештен көп каталарга жол берилсе. | 0 |

Сканировано с CamScanner

**Баллдарды баага которуу шкаласы (адабият)**

| Баллдар | Баа |
| --- | --- |
| 40-31 | 5 |
| 30-21 | 4 |
| 20-11 | 3 |
| 10-0 | 2 |

## САБАТТУУЛУК (КЫРГЫЗ ТИЛИ)

| | |
| --- | --- |
| **Баа «5»** | 1 пунктуациялык же 1 грамматикалык катага жол берилет. |
| **Баа «4»** | Жол берилет:<br>• 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталарга;<br>• 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталарга;<br>• 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «3»** | Жол берилет:<br>• 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарга;<br>• 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталарга;<br>• 7 пунктуациялык каталар жана 4 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «2»** | "3" баасы үчүн каралган каталардан да орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

Сканировано с CamScanner

**АКТ**

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби**

**“20” июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз томондо кол коюлуп акт жазуучулар:**

Бообек уулу Б.- *Предметтин комиссиясынын торагасы*
Кожокматов Б. *Сынак алуучу*
Джумабекова З. *Ассистенти*
Турганбаев М.. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Турганбаева Н..
Момуналиева К.
Жунушова А.
Токтоматова З.
Жунушова К.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 11-а классынын орус тили предмети боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата келген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын тапшырмаларын ачканда К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 982022 коду боюнча А жана В варианттарынан турган тапшырмалар келди.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын тапшырмаларын $6^{00}$дө сайттан жүктөлдү бир экземпляр чыгарылып сейфке салынды.

Тапшырмалар А жана В варианттары боюнча көбөйтүлдү, комиссияда ар кандай пикир жаралган жок. Бул тапшырмалар боюнча 9 окуучуга А варианты, 8 окуучуга В варианты таратылып берилди.

Экзамен $9^{00}$ дө башталды.

**Актда корсотүлгондор туура деп кол коюучулар:**

Бообек уулу Б.- *Предметтин комиссиясынын төрагасы*
Кожокматов Б. *Сынак алуучу*
Джумабекова З. *Ассистенти*
Турганбаев М.. *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү*
Турганбаева Н..
Момуналиева К.
Жунушова А.
Токтоматова З.
Жунушова К.
Сагынбаева Г. *Коомдук байкоочулар*
Касымалиева Н.
Касымкулов У.

Сканировано с CamScanner

# АКТ

## Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби

**“14” июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

**Биз төмөндө кол коюлуп акт жазуучулар:**

| | |
|---|---|
| Boобек уулу Б. | *Предметтин комиссиясынын торагасы* |
| Токтоматова З. | *Сынак алуучу* |
| Асанова А. | *Ассистент* |
| Жунушова К. | *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү* |
| Турганбаев М. | |
| Оторова К. | |
| Момуналиева К. | |
| Турганбаева Н. | |
| Жунушова А. | |
| Молдогазиева М. | |
| Сагынбаева Г. | *Коомдук байкоочулар* |
| Касымалиева Н. | |
| Касымкулов У. | |

болуп төмөндөгү акт жазуубуздун себеби : Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин 11-классынын математика (алгебра) сабагы боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына карата К.Р.нын ББИМ нин сайтынан 051422 коду боюнча келген тапшырмаларды ачканда эки варианттагы тапшырмалар келди :

1. Вариант А
2. Вариант В

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация үчүн тапшырмалар 6 $^{00}$дө сайттан жүктөлдү жана ар биринен бир экземпляр чыгарылып сейфке салынды.

Актда көрсөтүлгөндөр туура деп кол коюучулар:

| | |
|---|---|
| Boобек уулу Б. | *Предметтин комиссиясынын торагасы* |
| Токтоматова З. | *Сынак алуучу* |
| Асанова А. | *Ассистент* |
| Жунушова К. | *Предметтик комиссиянын мүчөлөрү* |
| Турганбаев М. | |
| Оторова К. | |
| Момуналиева К. | |
| Турганбаева Н. | |
| Жунушова А. | |
| Молдогазиева М. | |
| Сагынбаева Г. | *Коомдук байкоочулар* |
| Касымалиева Н. | |
| Касымкулов У. | |

Сканировано с CamScanner

**Математикадан (алгебра жана анализдин башталышы) баалоо критерийлери**

**XI класска математика (алгебра жана анализдин башталышы) сабагы боюнча комплекстүү тест беш бөлүктөн, жалпы 28 тест тапшырмаларынан турат.**

**Биринчи бөлүк:** темага ылайыктуу топтолгон, 1 туура жоопту өзүнө камтыган 15 тест **(№1 -№15)** тапшырмадан турат. Бул тапшырмалар теориялык материалдарды, түшүнүктөрдү жана ыкмаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого багытталган. Ар бир суроого жооптордун ичинен бирөөсү гана туура болгон 4 варианттагы жооптор берилген. Ар бир туура жоопко 1 балл, туура эмес жоопко 0 балл берилет.
Бул бөлүктө жогорку балл-15 балл.

**Экинчи бөлүк:** дал келүүчүлүктү белгилей турган үч тапшырмадан **(№2.1-№2.3)** турат. Тапшырмалар математика боюнча базалык билгичтикти жана практикада колдонуу жөндөмүн аныктоого багытталган.

Бул тапшырмаларда эки колонкадагы дал келүүчүлүктү аныктоо. Сол жакта берилген тамгаларды оң жакта берилген цифралар менен дал келүүчүлүктү аныктоо (же дал келүүчү элементти туташтыруу керек). Сол жактагы ар бир элементке оң жактагы бир гана элемент туура келет. Оң колонкадагы бир элемент ашыкча. Эгер бардык төрт дал келүүчүлүктү аныктаса, 3 балл берилет. 3 туура дал келүүчүлүктү аныктаса, 2 балл берилет. 2 туура дал келүүчүлүктү аныктаса 1 балл берилет. Туура эмес жоопко 0 балл. Бул бөлүктө максималдуу балл 9 балл.

**Үчүнчү бөлүктө:** 5 жооптон бир нече туура жоопту белгилей турган 5 тапшырмалардан **(№3.1-№3.5)** турат. Бул тапшырмалар теориялык материалды, түшүнүктөрдү жана предметтерди өздөштүрүү даражасын аныктоого багытталган. Ар бир суроого 5 варианттагы жооптор берилген, алардын бир нечеси туура. Эгер бардык жооптор туура табылса, анда 2 балл берилет. Эгерде бир туура жооп болсо, 1 балл. Эгерде бир дагы туура жооп табылбаса, 0 балл. Бул бөлүктө максималдуу балл 10 балл.

**Төртүнчү бөлүк:** кыска жоопту талап кылган үч тапшырмадан турат **(№4.1-№4.3)**. Тапшырмалар математикалык билимдерди колдонууда негизги көндүмдөрдү жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү текшерүүгө багытталган. Бул тапшырманы аткарууда дептердин атайын бөлүнгөн жерине кыскача жооп жазылышы керек. Жооп эсептөөлөрдү талап кылат. Жооп 0 дон 9999 га чейинки ар кандай бүтүн оң сан. Сандардын ырааттуулугу клеткаларга солдон оңду көздөй толтурулат. Бир клеткага бирден гана цифра жазылат. Эгерде жооп бөлчөк сан болуп калса, анда ал санды бүтүнгө чейин тегеректөө керек. Бул тапшырмалардын ар бир туура жообуна 2 балл, туура эмес жоопко 0 балл. Бул бөлүктө максималдуу балл 6 балл.

**Бешинчи бөлүк:** толук кеңейтилген маалыматты камтыган жоопту талап кылган эки **(№5.1-№5.2)** тапшырмадан турат. Тапшырма функционалдык сабаттуулуктун деңгээлин аныктоого, толук чыгарылышты, жоопту деталдуу негиздеп түшүндүрүүнү талап кылууга багытталган. Ар бир тапшырманын чыгарылышы ырааттуу жана кеңири, математикалык тактыкта толук болушу керек. Чыгаруунун ыкмалары, жазуунун формалары жана жоопту толтуруунун формалары ар түрдүү болушу мүмкүн. Мындай тапшырмалардын жооптору каалагандай формада аткарылат. Тапшырмаларды аткаруу үчүн баллдардын саны тапшырманын аткарылышына, чыгарылыштын толуктугуна жана жооптун тууралыгына жараша болот. Жүйөлүү алынган туура жоопко жогорку санда 4 балл коюлат. Маселенин чыгарылышы толугу менен туура эмес болгондо гана 0 балл. Ал берилген чыгарылыш 1 балл менен да баалоого мүмкүн эмес.
Бул бөлүктө максималдуу балл-8 балл.

Сканировано с CamScanner

**5.1. тапшырмасынын баалоо критерийлери:**

| № | Критерийлер | Баллы |
|---|---|---|
| 1. | Чыгарылыштары туура, жооптору так, туура негиздемеси берилсе | 4 б |
| 2. | Туура ой жүгүртүүнүн негизинде фигуранын чиймеси туура чийилсе, чыгаруунун жолу туура тандалып, арифметикалык катанын негизинде туура эмес жооп алынса. | 3 б |
| 3. | Туура ой жүгүртүп, фигуранын чиймесин туура чийип көрсөтсө, бирок чыгарылышы аягына чейин чыкпаса. | 2 б |
| 4. | Фигураны түзүүгө маанилери берилип, аянтын тапса. | 1 б |
| 5. | Чыгарылыштары жогорудагы критерийлердин бирөөсүнө да дал келбесе. | 0 б |

**5.2. Тапшырмасынын баалоо критерийлери:**

| № | Критерийлер | Балл |
|---|---|---|
| 1 | Чыгарылыштары туура, жооптору так, туура негиздемеси берилсе. | 4 б |
| 2 | Маселени чыгаруунун модели туура түзүлсө, арифметикалык катанын негизинде туура эмес жооп алынса. | 3 б |
| 3 | Туура ой жүгүртүүнүн жолу көрсөтүлсө,бирок аягына чейин чыгарбаса же функцияны изилдөөдө ката кетирилсе. | 2 б |
| 4 | Маселени чыгарууда функцияны түзсө бирок, чыгарылышы жок болсо. | 1 б |
| 5 | Чыгарылыштары жогорудагы критерийлердин бирөөсүнө да дал келбесе. | 0 б |

11- класста математика боюнча сынак ишин текшерүүнү комиссиянын тормасы (ПК) баалоо нускамасына ылайык жүргүзөт. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгынын баллдык системасы баага которулат.

Сканировано с CamScanner

**Алгебра жана анализдин башталышы боюнча комплекстүү тестти аткарууда жалпы сандык балдарды аныктоо**

| Бөлүк | Тапшырмалар | Баалоо | Максималдуу балл |
|---|---|---|---|
| Биринчи бөлүк | № 1 - № 15 | 1 балл | **15 балл** |
| Экинчи бөлүк | № 2.1 - № 2.3 | 3 балл | **9 балл** |
| Үчүнчү бөлүк | №3.1- №3.5 | 2 балл | **10 балл** |
| Төртүнчү бөлүк | №4.1- №4.3 | 2 балл | **6 балл** |
| Бешинчи бөлүк | №5.1, №5.2 | 4 балл | **8 балл** |
| | | Бардыгы:: | **48 балл** |

Баллдарды баага которуу шкаласы

| Баллдар | Баа | Процент менен |
|---|---|---|
| 1-23 | 2 | 0 - 48% |
| 24-31 | 3 | 50 - 65% |
| 32-39 | 4 | 67 - 82% |
| 40-48 | 5 | 83-100% |

Сканировано с CamScanner

# АЛГЕБРА
## 11 – КЛАСС
(Базалык окутуу / Базовое изучение)

**ЧАСТЬ/БӨЛҮК 1**

| № | ВАРИАНТ А | ВАРИАНТ В |
|---|---|---|
| 1. | А | Г |
| 2. | Г | Г |
| 3. | Б | В |
| 4. | Б | Г |
| 5. | А | А |
| 6. | Г | Г |
| 7. | Б | Г |
| 8. | А | Б |
| 9. | А | А |
| 10. | В | В |
| 11. | Г | Г |
| 12. | Г | А |
| 13. | Б | Б |
| 14. | Б | В |
| 15. | А | В |

**ЧАСТЬ/БӨЛҮК 2**

| № | ВАРИАНТ А | ВАРИАНТ В |
|---|---|---|
| 2.1. | А 2<br>Б 3<br>В 1<br>Г 4 | А 1<br>Б 2<br>В 5<br>Г 4 |
| 2.2. | А 4<br>Б 5<br>В 3<br>Г 1 | А 2<br>Б 3<br>В 1<br>Г 5 |
| 2.3. | А 3<br>Б 1<br>В 4<br>Г 5 | А 5<br>Б 4<br>В 2<br>Г 3 |

Сканировано с CamScanner

**ЧАСТЬ/БӨЛҮК 3**

| № | ВАРИАНТ А | ВАРИАНТ В |
|---|---|---|
| 3.1. | Г, Д | Г, Д |
| 3.2. | В, Г | В, Г |
| 3.3. | А, В | А, Б |
| 3.4. | Г, Д | Г, Д |
| 3.5 | Б, Г | Б, В |

**ЧАСТЬ/БӨЛҮК 4**

| № | ВАРИАНТ А | ВАРИАНТ В |
|---|---|---|
| 4.1. | 3 7 | 1 7 |
| 4.2. | 7 2 | 3 6 |
| 4.3 | 1 3 7 4 | 3 5 8 |

**ЧАСТЬ/БӨЛҮК 5**

| № | ВАРИАНТ А | ВАРИАНТ В |
|---|---|---|
| 5.1. | 18 | 27 |
| 5.2. | 5 жана / и 5 | 6 жана / и 12 |

Сканировано с CamScanner